Абдуллаева А.У.

# АДАБИЙ ОКУУ САБАГЫНДАГЫ ЗАМАНБАП ЫКМАЛАРДЫН КОЛДОНУЛУШУ
(профессор С.С.Сакиеванын ыкмаларынын мисалында)

Абдуллаева А.У.

# ИСПОЛЬЗОВАНИЕ СОВРЕМЕННЫХ МЕТОДОВ В УРОКЕ ЛИТЕРАТУРНОГО ЧТЕНИЯ
(на примере методов профессора С.С.Сакиевой)

Abdullayeva A.

# THE USE OF MODERN METHODS IN THE LESSON OF LITERARY READING
(using the example of the methods of Professor S.S.Sakieva)

*УДК: 372*

*Учурда адабий окуу сабагында заманбап интерактивдүү ыкмаларды колдонуу билим берүүдөгү мезгил талабына шайкеш экендиги, окуучуларга билим берүүдөгү эффективдүү багыттардан экендиги илимий макалада баса белгиленет. Андыктан адабий окуу сабагында заман талабына ылайык ыкмаларды колдонуу маселесинин кээ бир аспектилерин талдоону негизги максат катары көтөрүп чыктык. Адабий окуу сабагында интерактивдүү ыкмаларды колдонуу менен билим берүүнүн сапатын жогорулатууну колго алуу маселеси учурдун актуалдуу темаларына айланууда. Илимий коомчулукка сунушталган адабий окуу сабагында заманбап ыкмалардын колдонулушу темасы да учурдун актуалдуу маселеси болуп саналат. Демек, бул тема илимий анализди талап кылат, ошол максатта заманбап методдордун алкагында илимий талдоону колго алып, ошол жыйынтыкты сунуштайбыз. Илимий макаланын жыйынтыгын жаратууда теориялык анализ, индукция жана дедукция, анализ жана синтез, байкоо, сурамжылоо, кейс ыкмалары колдонулду.*

***Ачкыч сөздөр:*** *дидактикалык ыкмалар, салттык ыкмалар, оюн ыкмалары, кыргыз адабияты, окутуунун методдору, окутуунун технологиясы, орус адабияты, бат окуу ыкмасы, лирика, роман, эпос.*

*В научной статье подчеркивается, что в настоящее время использование современных интерактивных методов в уроках литературного чтения соответствует требованиям времени в образовании и является одним из наиболее эффективных направлений в обучении учащихся. Поэтому в качестве основной цели мы поставили анализ некоторых аспектов вопроса применения современных методов на уроке литературного чтения. Актуальными темами на данный момент становятся вопросы повышения качества образования с использованием интерактивных методов на уроках литературного чтения. Актуальной на данный момент является и тема применения современных методов на уроке литературного чтения, предлагаемая научному сообществу. Следовательно, эта тема требует научного анализа, с этой целью мы берем научный анализ в рамках современных методов и представляем этот результат. При создании результатов научной статьи использовались методы теоретического анализа, индукции и дедукции, анализа и синтеза, наблюдения, опроса, тематического исследования.*

***Ключевые слова:*** *дидактические методы, традиционные методы, игровые методы, кыргызская литература, методы обучения, технология обучения, русская литература, метод скорочтения, лирика, роман, эпос.*

*The scientific article emphasizes that currently the use of modern interactive methods in literary reading lessons meets the requirements of the time in education and is one of the most effective directions in teaching students. Therefore, as the main goal, we have set an analysis of some aspects of the issue of using modern methods in a literary reading lesson. The issues of improving the quality of education using interactive methods in literary reading lessons are currently becoming relevant topics. The topic of the application of modern methods in the lesson of literary reading, offered to the scientific community, is also relevant at the moment. Therefore, this topic requires scientific analysis, for this purpose we take a scientific analysis within the framework of modern methods and present this result. When creating the results of a scientific article, the methods of theoretical analysis, induction and deduction, analysis and synthesis, observation, survey, and case study were used.*

***Key words:*** *didactic methods, traditional methods, game methods, Kyrgyz literature, teaching methods, teaching technology, Russian literature, speed reading method, lyrics, novel, epic.*

Азыркы учурда кыргыз мамлекети башка өлкөлөр сыяктуу эле ааламдашуу жараянынын алкагында жашап, бир катар баалуулуктары өзгөрүүгө дуушар болуп жаткандыгына карабастан, бул жараянга

туруштук берип, өзүнүн өнүгүү багытын улантууда. Постсоветтик мезгилди кабыл алуу менен биздин өлкө агартуу багытындагы жаңылануу жараяндарын, анын ичинде билим берүүнүн заманбап ыкмаларын, анын ичинде биз сөз кыла турган адабий окуу сабагындагы окутуунун интерактивдүү ыкмаларын акырындык менен жандантып, келечектүү жолго кое алды. Бул мезгилдеги кыргыз коомунун илимий кадрларынын илимий анализдөөдө багытында жаңыча көз караштардын калыптануу жараяны жүрүп, ал тездик менен колго алынып, бир катар илимий эмгектер жаралгандыгы педагогиканын тарыхынан, ошондой эле мобилдүүлүк жагынан өзгөчөлөнгөн социалдык тармактардан белгилүү болууда. Интернет желесинин аалам маселелери менен кабардар кылуусунун алкагында билим берүү чөйрөсү да бири-бири менен жакындашып, заман талабына ылайык тажрыйба алмашуу процесстери жүрүп, билим берүүнүн жана билим алуунун эффективдүүлүгү жогорулоодо десек болот. Ошого карабастан мындай алкак, мындай жараян жогоруда белгилеп өткөндөй, кээ бир баалуулуктарга чек коюуда. Маселен, учурдагы техника, технологиянын жогорку деңгээлде өнүгүшү кээ бир өкүнүчтүүсү басымдуу өлчөмдө мектеп окуучуларынын убактысын бекерге алып, өзүнүн көз карандылыгында кармап турган чагы. Ошондуктан, мектеп окуучуларынын китеп окуу багытындагы аракеттери солгундап, кээ бирлери таптакыр китептен алыстап, анын натыйжасында коомду руханий кооптуу абал каптап келе жаткандыгы жашыруун эмес. Жалпы эле адамзаттын руханий коопсуздугун кепилдей турган көрүнүш бул китеп окуу, китеп менен достошуу. Бул көрүнүштү ишке ашыра турган предмет катары адабий окуу эсептелет. Кыргыз өлкөсүнүн билим берүү тармагынын жоон топ коллективи учурда өз функцияларын так аткарышып, окуучулардын китепке кызыгуусун арттыруунун жолдорун, ыкмаларын изилдешип, натыйжалуу ыкмаларды сунуштап келишет. Демек, ааламдашуу жараянынын, техника жана технология цивилизациясынын кээ бир багыттарга олуттуу терс таасир тийгизип жаткандыгына карабастан, агартуу тармагынын адистери заман талап кылган ыкмаларды иштеп чыгышып, келечек ээлерин татыктуу тарбиялоо, билим берүү менен алектенишүүдө.

Билим берүү системасындагы кенже мектеп курагындагы окуучулар адабий окууну өз деңгээлинде окуп-үйрөнүшсө, бул окуучулардын адеп-ахлактык жана социоэтикалык, социоэстетикалык сапаттары мыкты деңгээлге жогорулайт. Бул багытта ЖАМУнун профессору С.С.Сакиева, жана ЖАМУнун доценти К.М.Ураимовдор: «Адабий окуу сабагынын башкы милдети - бул адабий маалыматтарды топтоо, окурмандык кабыл алуусундагы адабий билимин таанып-билүүсүн, чыгармачылык фантазиясын, эмоционалдык жана адептик-руханий чөйрөсүн өркүндөтүү болуп эсептелинет» -деген пикирлерин билдиришкен [1]. Соңку учурларда кыргыз коомунда альфа мууну деп аталган жаштар жана мектеп окуучуларынын китеп окууга болгон кызыгуусу төмөндөп, өз элинин тарыхы, адабияты, маданияты, салт-санаасы унутта калып бара жаткандай көрүнүшкө оодарылып турган учуру десек жаңылбайбыз. Андыктан, окуучулардын китеп окууга болгон кызыгуусун жандандыруу үчүн адабий окуу предметинен окутуунун интерактивдүү формаларын жана ыкмаларын жогорку деңгээлде колдонуу зарылдыгын белгилей кетүүгө болот. Себеби, мындай усулдар сабак өтүүдө билимди толук кандуу берүүгө, сабакты кызыктуу өтүүгө, сабакты уюштурууга мүмкүндүк берет, окуу материалын мыкты деңгээлде өздөштүрүүгө шарт жаратат. Андан сырткары өтүлүүчү сабакты өз алдынча окуй билүүгө окуучунун кызыгуусун пайда кылып, демилге жаратат, адамдык, коммуникативдик, инсандык, саясий, социалдык, маданий, интеллектуалдык компетенттүүлүктүүлүгүн калыптандыруу натыйжасын да күтүүгө болот. Мектеп окуучуларына билим берүүдөгү көптөгөн методикалык инновациялардын негизи интерактивдүү иш-чаралар болуп саналаары бир катар эмгектерде жазылып келет. Интерактивдүү иш-аракет-бул баарлашууга сугарылган окутуу экендигине да бир катар окумуштуулар токтолушкан.

**Материалдар жана изилдөө методдору.** Келечек ээлерине тарбия, билим берүүдө адабият предметинен билим берүүдөгү учур талабына ылайык усулдарды эффективдүү пайдалануу максатын көздөп, окумуштуулар тарабынан ушул мезгилге чейин иликтенген бир топ илимий эмгектерге теориялык анализ жүргүзүлдү. Адабият предметинен билим берүүдө учур талабына ылайык усулдардын колдонулушу боюнча да Ата мекендик педагогикада п.и.д., профессор С.С.Сакиева сыяктуу илимпоздор бир катар эмгектери менен белгилүү болушуп, билим берүүнүн эффективдүү ыкмаларын сунуштап келишет. Илимий иш жазууда атайын иштелип чыгылган жоболорго таянуу менен, илимий иш жазуунун этикасы, эрежелери, принциптери толук сакталаары жана илимий усулдары эффективдүү пайдаланылаары анык. Демек, келечек ээлерине адабият сабагынан билим берүүдө болочок мугалимдер өздөрүнүн ар бир окуучусунун кулк мүнөзүнө жараша илимий ыкмаларга ыңгайлашуусу абзел. Мындай илимий методдор катары анализ жана синтез, индукция жана дедукция, абстрактуулуктан конкреттүүлүккө өтүү, логикалык бүтүм, социологиялык сурамжылоо, байкоо, герменевтика, кейс усулу методдорун толук пайдаланса, системалуулук, объективдүүлүк, тарыхыйлуулук, илимийлүүлүк принциптерин сактоосу шарт. Андан сырткары илимий талдоодо пайдаланыла жүрчүү универсалдуу

жана жеке педагогика илиминин методдору да түздөн-түз чоң функцияны аткарып, изилдөөнүн жыйынтыгына жетүү шартын жаратты.

**Тыянактар жана талкуулар.** Келечек ээлери болуп саналган мектеп окуучулары адабият предметин өздөштүрүү менен бирге инсандык сапаттары калыптанат, коомдогу өздөрүнүн ордун, келечекке кадам таштай алышаары тууралуу илимий идеялар Ата мекендик окумуштуулар тарабынан изилденип, бир топ сунуш-пикирлери коомдо айтылып келет. Мындай изилдөөчүлөрдүн катарына С.С.Сакиева, К.М. Ураимов С.Ч. Осмоналиевалар кирип, омоктуу ойлору менен бөлүшүп келишет. Аты жогоруда аталган окумуштуулардын: «Мектептердеги адабият предметинин аткара турган негизги функциясы - адабий маалыматтарды топтоштуруу, окуучулардын кабыл алуусундагы адабий билимин таанып-билүүсүн, чыгармачылык фантазиясын, эмоционалдык жана адептик-руханий чөйрөсүн өркүндөтүү» - деген пикирлери менен кошулууга болот[1]. Мектеп системасындагы билим алуу жараянына катышкан билим алуучулардын талабын канааттандырууда, аларга эффективдүү жана жемиштүү билимдерди арноодо заман талабына шайкеш келген усулдарды колдонуу максатка дал келээри белгилүү.

Чындыгында келечек ээлерине ата мекендик билим берүү, анын алкагында адабият, маданият, тарых предметтерин жеткиликтүү окутуу зарылдыгы илимий чөйрөдө гана эмес, жөнөкөй жашоодо жашаган коомчулук тарабынан да байма-бай белгиленип, интернет тармактарынан да маселе катары көтөрүлүп, талкууланып, сунуш пикирлер айтылып келет.

Анын негизги себептеринин бири катары учурдагы альфа категориясынын китепти колго алып окуусундагы минималдуулук, билимге болгон кызыгуусунун жоголуусу учурдун көңүл бурууну талап кылган маселелеринин олуттуусу. Андыктан, илимий коомчулуктагы чыгаан илимпоздор адабиятты предмет катары окутууда илимий методдордун эффективдүүлөрүн пайдалануу зарыл экендигин белгилеп келишет. Эффективдүү инновациялык ыкмалар гана мектептеги билим алуучулардын адабият предметин өз деңгээлинде кабылдоосуна мүмкүнчүлук жаратаарын белгилөө менен, аны өтө мыкты деңгээлде өздөштүрөт деген пикирлерин билдиришет. Учурдун талабына шайкеш келген усулдарды туура пайдалануу аркылуу гана келечек ээлерин, тактап айтканда альфа муунундагы жаштарга жеткиликтүү билим берүү мүмкүндүгү бар экендигине токтолушат.

Илимий чөйрөгө таанымал окумуштуулардын ою боюнча: “Билим берүүдөгү көптөгөн методикалык инновациялардын негизи интерактивдүү иш-чаралар болуп саналат. Интерактивдүү иш-аракет-бул баарлашууга сугарылган окутуу” [2].

Тактап айтканда учур талабына жооп бере алган инновациялык методдордун зарылдыгын, анын актуалдуулугу далилдеп турат. Мына ушундай интерактивдүү, учур талабына мас келген методдорду билим алуучулардын өзгөчөлүктөрүнө жараша колдоно билүү, аларга берилип жаткан билимдин натыйжалуулугунан кабар берет.
Илимий чөйрөдө байма-бай айтылып келе жаткан ойлорго токтолсом: “Мектеп системасынын билим берүү жараянындагы жаңычыл усулдар - бул билим берүү багытындагы билим талапкелеринин бири-бири менен жана мугалимдери менен дайыма кайтарым байланышта болуусу, биргелешип иштөөсү, демилгелүү иш-аракеттери, жыйынтыгында иреттүү, белгилүү бир тыянак-корутундуларга келиши [3] менен белгиленет.

Учурдагы кыргыз коомундагы адабият предметинин кадыр баркын көтөрүүнүн алкагында видеоматериалдарды, слайддарды, презентацияларды, оюн методдорун, жомок, комедия, пьеса, поэма, инсценировкаларды, романдарды, ырларды, эпосторду окутуунун жаңы ыкмаларын колдонуу менен сабактын максатына жетүүсүн көздөп жатышкандыгы маалым. Жогоруда белгиленип өткөн дидактикалык материалдар адабий окуу сабагын уюштурууга, окутууну жана тарбиялоону натыйжалуу жүргүзүүгө түздөн-түз өбөлгө болот. Изденүүчүнүн пикирине ылайык, заманбап сабак берүүдөгү бир катар типтерди жана ыкма-усулдарды пайдаланууда, метод катары - педагогикалык категория катары өтүлө турган материалды кандай ыкма менен натыйжалуу берүүнүн жолдорун көрсөтөөрүнө, XX кылымдын 60-жылдары окутуу методдорун бир системага келтирип классификациялаган окумуштуу Е.Я. Галант болгон, кийинчирээк дидактар М.Н.Скаткин, И.Я.Лернер, М.А.Даниловдор бул маселеге кайрылышкандыгына, ал эми академик Ю.К.Бабанский түзгөн окутуунун методдорунун классификациясындагы өзгөчөлүктөрдү белгилөө менен:

1. Айтып берүү методдору (аңгеме, түшүндүрүү, лекция, аңгемелешүү, окуу китеби менен иштөө ж.б.);
2. Көрсөтмөлүүлүк (таблица, схема, сүрөттөрдү иллюстрациялоо, диафильм, кино демонстрациялоо, музейге, өндүрүшкө, жаратылышка экскурсия ж.б.);
3. Практикалык (көнүгүү, көнүктүрүү, үй жана аудиторияда өз алдынча иштөөнү уюштуруу, эксперимент, эмгек жана коомдук иштерге тартуу ж.б.). Окутуунун интерактивдүү жаңы методдорун

көбүрөөк пайдалануу (мээ чабуулу, БББК, карусель ж.б.)" [2] деген илимий талдоолордон табылат. Ар бир жаңычыл мугалимдер өздөрү иштеген мектеп системасындагы билимге болгон талапкерлердин жөндөмдөрүнө өзгөчө көңүл буруш керек деген С.С.Сакиева заманбап усулдар боюнча бир нече интерактивдүү усулдарды сунуштаган[4]. Мындан сырткары адабият предметин окутууда оюн методун колдонууга болоорун жана бул ыкманын жемиштүү экендигин сунуштаган [5]белгилеген окумуштуулар да жок эмес.

Илимий изилдөөлөрдөн белгилүү болгондой: "Интерактивдүү окутуунун айырмалоочу өзгөчөлүгү - бул окуучунун таанып билүү процессине катышуудан баш тартуусу мүмкүн болбогон окуу процессин уюштуруу болуп саналат. Эгерде мугалим башталгыч класстардын сабактарында интерактивдүү окутуу технологияларын колдонсо, анда окуучулар маалыматты өз алдынча табууга жана иштеп чыгууга үйрөнүшөт. Бул алардын андан аркы окуусуна оң таасирин тийгизет. Интерактивдүү технологияларды колдонуу балдардын маалыматты жакшыраак кабыл алуусуна жана алардын универсалдуу окуу иш – аракеттерин үйрөнүү жөндөмүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт" [9].

**Корутунду**. Жогоруда баса белгилеп келгендей, билим берүү жараянынын алкагында адабият предметин учурдун талабына шайкеш келген ыкмаларды пайдаланып окутуунун артыкчылыктары өтө жогору. Билимге болгон талапкерлердин билим алууга болгон аракетин ишке ашыруу үчүн заманбап методдорду колдонуу сунушталат. Учурга шайкеш интерактивдүү ыкмалар адабият предметин толук өздөштүрүүгө, аны универсалдуу кабылдоого, дүйнө түшүнүмүн калыптандырууга жакшы шарт жаратып берет.

Альфа муунду тарбиялоо, учурдагы көңүл бура турган маселелердин бири экендигин белгилөө менен, окуучуларды адабий окууга кызыктыруу багытын колго алуу зарыл маселелерден. Андыктан, илимий коомчулук тарабынан сунушталып жаткан бир катар усулдарды ар мугалимдин өздөштүрүүсү шарт. Заман талабына шайкеш келген мектептин мугалиминин билим берүүдө окуу жараянын мүмкүн болушунча жогорку деңгээлде уюштуруу үчүн окуу иш-аракетинин мотивдерин классификациялоо жөнүндө маалыматка ээ болушу керек деген маалымат менен ынанууга болот. Мындан тышкары, мугалим ар бир окуучунун мектептеги мотивациясынын деңгээлин аныктоо үчүн диагностика жүргүзүүсү керек деген пикирлер да абдан маанилүү [9].

**Адабияттар:**


1. Сакиева С.С., Ураимов К.М., Осмоналиева С.Ч., Маматумаров А.Т. "Адабий окуу" предметинин концепциясы –ЖАМУнун жарчысы -2012 №1(26) 1-бөлүм.: Жалал-Абад-2012).
2. https://sit.net.kg/wp-content/uploads/2022/06/.
3. Оторбаев Б.К. Адабиятты окутуунун жаңы технологиялары. - Б.: Турар, 2009.
4. Сакиева С.С. Башталгыч мекгепте адабий окууга үйрөтүүнүн педагогиканын негиздери. Бишкек.: 2010.
5. Эльконин, Д.Б. Психология игры / Д.Б. Эльконин. - 2-е изд. - М.: Гуманит. изд. центр ВЛАДОС, 2009. - 360 с.
6. Ушинский К. Д. Избранные педагогические произведения: в 2 т. Т. 1. М.: Педагогика, 1974. 584 с.
7. Макарова Н.В. Игровые технологии обучения на занятиях высшей школе. // Проблемы современного образования | № 4 | 2021 | http://www.pmedu.ru
8. Пидкасистый, П.И. Технология игры в обучении и развитии / П.И. Пидкасистый, Ж.С. Хайдаров. - М.: РПА, 2016. - 80 с.
9. https://sit.net.kg/wp-content/uploads/2022/06/